УДК .37.372.8.
**DOI:10.58494/esai.24(9).2024.22**

*Орозова Д.С., ОшМУ, магистрант*
*Тойчуев Т.К., ОшМУ, п.и.к, доцент*

*Орозова Д.С., ОшГУ, магистрант*
*Тойчуев Т.К., ОшГУ, к.п.н., доцент*

*Orozova D.S., Osh State University, Master's student*
*Toychuev T.K., Osh State University, PhD, Associate Professor*

## ЖАЗУУГА ҮЙРӨТҮҮДӨ ЖҮРГҮЗҮЛҮҮЧҮ КӨНҮГҮҮЛӨР

***Аннотация.*** *Сулуу жана каллиграфиялык жактан туура жазуу башталгыч класста түптөлөт. Дал ушул убакта мугалим зор эмгек жаратуусу абзел. Окуучулар жазууну үйрөнүүдө физикалык жана психологиялык жактан кыйынчылыктарга дуушар болуп келишет. Технологиянын өнүгүүсүнө байланыштуу окуучуларга жазуу сабактары кыйын жана да кызыксыз болуп келүүдө. Себеби башталгыч классынын окуучуларынын дээрлик бардыгынын колунда телефон же планшет же үйүндө компьютер бар. Клавишалардын жардамында оңой эле керектүү текстти терип коюшат. Бирок башталгыч класстын мугалими окуучу калем сап менен сулуу жана туура жазууну үйрөнбосо, ал баланын өнүгүүсүнө, ар бир ишти кылдаттык, жоопкерчилик менен кылууну, таза тыкан болууну, эмгекчил, жоопкерчиликтүү болууну жана башка ушул сыяктуу факторлорго терс таасирин тийгизерин билет.*

*Бул макалада балдарды жазууга үйрөтүүдөгү көнүгүүлөр, алардын жазуу процессиндеги ролу, көнүгүүлөрдү пайдаланууда мугалимдерге кеп-кеңештер айтылат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *жазуу процесси, жазуунун техникасы, дидактика, гигиеналык талаптар, тамганын формасы, каллиграфия, ырааттуулук, аң-сезим, көнүгүү, тыбыш.*

## УПРАЖНЕНИЯ ДЛЯ ОБУЧЕНИЯ ПИСЬМУ

***Аннотация.*** *Красивое и каллиграфически правильное письмо заложено в начальной школе. Именно в это время учитель должен создать большой труд. Учащиеся сталкиваются с физическими и психологическими трудностями при обучении письму. В связи с развитием технологий уроки письма для учащихся становятся как сложными, так и скучными. Это потому, что почти у всех учеников начальной школы есть телефон, планшет или компьютер дома. С помощью клавиш они легко набирают нужный текст. Но учитель начальных классов знает, что если ученик не научится красиво и правильно писать карандашом, это негативно скажется на развитии ребенка, на том, как делать каждую работу аккуратно, ответственно, быть аккуратным, трудолюбивым, ответственным и тому подобное.*

*В данном говорят об упражнениях, используемых в обученных детей письму, об их ролы в процесса письма и даются рекомендаций преподаватели в использовании упражнений.*

***Ключевые слова:*** *процесс письме, техника письма, дидактика, гигиенические требования, форма буквы, каллиграфия, последовательность, сознание, упражнение, звук.*

## EXERCISES FOR LEARNING TO WRITE

***Annotation.*** *Beautiful and calligraphically correct writing is laid down in elementary school. It is at this time that the teacher must create a great work. Students face physical and psychological difficulties in learning to write. Due to the development of technology, writing lessons for students are becoming both difficult and boring. This is because almost all elementary school students have*

*a phone, tablet, or computer at home. They use the keys to easily type the desired text. But the primary school teacher knows that if a student does not learn how to write beautifully and correctly with a pencil, this will negatively affect the development of the child, how to do each job carefully, responsibly, be careful, hardworking, responsible, and the like. In this section, they talk about the exercises used in teaching children to write, about their roles in the writing process and give recommendations to teachers in the use of exercises.*

*This talk about the exercises used in trained children writing, about their roles in the writing process and gives recommendations to teachers in the use of exercises.*

***Key words:*** *writing process, writing technique, didactics, hygiene requirements, letter form, calligraphy, consistency, consciousness, exercise, sound.*

**Киришүү**

Башталгыч класстын мугалими 1-класстан баштап окуучуга сулуу жана туура жазууну үйрөтөт. Билим берүүнүн азыркы учурунда башталгыч класстын окуучуларын туура жана сулуу жазууну үйрөтүү эн орчундуу маселелердин бири, эн актуалдуу көйгөй болуп жаткан учуру.

Жаңыдан жазууга үйрөнүүчүлөрдүн жазуу процессиндеги психологиялык өзгөчөлүктөрүнө, ошондой эле дидактиканын негизги жоболоруна ылайык балдарды жазууга үйрөтүүнүн методикасына тиешелүү белгилүү талаптар келип чыгат [1].

Мындай белгилүү талаптардын бири - жазууга үйрөтүүнүн системалуулугу жана жөнөкөйдөн татаалга өтүүнүн ырааттуулугу болуп саналат. Ушуга ылайык таза жазуунун программасынын көрсөтүүсү боюнча тамгаларды жазууну үйрөнүү, алфавит тартиби боюнча эмес, тамгалардын жазылыш кыйындыгынын даражасы боюнча белгилүү ирееттүүлүк менен өтүлүшүн талап кылат. Алиппе мезгилиндеги сабаттуулукка үйрөтүүчү окуу сабактарында адегенде тыбыш жана тамга менен тааныштырылат. Андан кийин жазуу сабагында ушул өтүлгөн тамганын жазылышын үйрөнүшөт.

Жазууга үйрөнүү убагында бала ар түрдүү көп эрежелерди билүүгө тийиш болгондуктан, балдарды жазуунун татаал процесстерин үйрөнүүгө даярдай турган көнүгүүлөрдү системалуу түрдө жүргүзүп, машыктыруунун мааниси зор. Ошондуктан, мындай даярдык көнүгүүлөргө олуттуу көңүл бурууну К.Д.Ушинский туруктуулук менен сунуш кылгандыгы кокусунан эмес. К.Д.Ушинскийдин түшүнүгү боюнча, бул алдын ала жүргүзүлүүчү даярдык көнүгүүлөр тамгалардын эң жөнөкөй элементтерин жаза билүүнүн алгачкы ыктарын балдарга үйрөтөт. Муну менен бирге мугалимдер балдардын гигиеналык жана техникалык эрежелерди сактоого үйрөтүүсү керек. Бул жөнүндө К.Д.Ушинский мындай деп жазган: “Мына бул даярдык көнүгүүлөрдүн учурунда гигиеналык жана техникалык эрежелерди сактоого адат алдыруу баланын ден соолугу үчүн жана окуунун жүрүшү үчүн чоң мааниге ээ. Ал адаттар биринчи жөнөкөй көнүгүүлөрдүн учурунда жеңил өздөштүрүлөт” [2].

Улуу орус педагогдун көрсөтмөлөрү балдарды жазууга үйрөтүп жаткан мугалимдер үчүн да чоң мааниси бар. Мына ошондуктан, мектепте жазууга үйрөтүү системасында даярдоо көнүгүүлөр өзүнүн закондуу ордун ээлөөгө тийиш.

Балдардын кол жазмасын каллиграфиянын талаптарына жооп бере алгыдай кылып жазып жетишүүдө мугалимдин өзүнүн жазуусунун каллиграфиялык көрүнүштө болушу, балдардын үйрөнүшүнө чоң таасир көрсөтөт. Мына ошондуктан мугалим балдар үчүн үлгү боло турган деңгээлде жазууга жетишүү керек.

Балдар жазууга үйрөтүүчү көнүгүүлөрдү мугалим жазып берген үлгү боюнча анын маанисин, техникасын түшүнбөстөн туруп, механикалык түрдө чектелбөөгө тийиш. Тамгаларды сулуу жазууга балдарды үйрөтүүчү көнүгүүлөр, машыгуулар системалуу түрдө жүргүзүлүшү сөзсүз керек. Бирок алардын маанисин окуучулар түшүнүп жана аны сезимдүү мамиледе аткарууга мугалимдин жетишүүсү зарыл. Башкача айтканда, мейли тамганын жазганда болсун, мейли сөздү жазганда болсун, мугалим анын үлгүсүн гана көрсөтүп коюу

менен чектелбестен, тигил же бул тамганы, же сөздү кандай жазуу керектиги жөнүндө толук түшүнүк берип, практикада көбүрөөк кездешүүчү каталарды эскертет [3].

Тамгалардын жалпы тартип боюнча калыптанып формага келтирилиши балдарды биринчи класстан баштап жазууга үйрөтүү менен бирге аларды кыймыл элементтерине машыгуунун деңгээлине да жеткирүү керек. Тамгалардын жазылышын үйрөтүүнүн алгачкы күнүнөн баштап эле мугалим бул, же тигил тамганын калыптаныш формасын туура бере албай жаткан себептерин байкоосу зарыл. Бул тамгалардын жазылышынын формаларынын ыгын окуучу жакшы баамдай албаган болот. Баамдаса да бул, же тигил тамганын элементтерин келтирип жазууда калемсапты кармаган манжаларынын кыймылы, эби келбеген болот. Алар али көнүкпөгөн. Башкача айтканда, баланын калемсапты кармоо булчундары баланын эркине али баш ийе элек. Экинчиден, кыймыл толкунун али аң-сезимдүүлүк менен кабыл ала элегине байланыштуу. Ошондуктан алардын жумшаган күч-аракети да каалагандай жыйынтыкка алып келе албайт. Жогорку себептердин бардыгы баланы тамгалардын калыптаныш формасын туура бере албагандыгына алып барат [4].

Мугалим тарабынан булардын баары эске алынып, бул же тигил тамгалардын формаларын даана, так, ачык үйрөтүү үчүн ар күнү талыкпастап көнүгүүлөр иштетип туруусу зарыл.

Тамгалардын жазылышын үйрөтүүдө алардын үзгүлтүксүз жазылышына байланыштуу элементтери бөлөкчө жазылып үйрөтүлбөйт.

Тамгалардын формаларынын калыптануусу балдардын көрүү мүчөсүнө гана эмес, учту кармаган бармактарынын кыймылына да байланыштуу болот.

***Мисалы: а*** тамгасынын көрүнүшүн алсак, ал овал жана төмөндөн оң жагына кайрылган таякчадан турат. Чындыгында калемсапты кыймылга келтирген мезгилде овал жазылгандыгы байкалбайт. Учту кыймылга келтирүү мезгилинде белгилүү бир кесилишкен кыймылдын бүтүшүнөн ошондой форма пайда болуп жатат. Мындан башка тамгалар да өзүнүн жазылуу өзгөчөлүгүнө карай жогорудагыдай тартипте үйрөтүлөт [5].

## Корутунду

Алиппе мезгилине чейинки даярдоо учурунда айрым тамгалардын жазылышына ылайыкталган көнүгүүлөр жүргүзүлөт.

Ал эми алиппе мезгилинде калемсаптын кыймылы кандайдыр бир жаңы тамгалардын жазылышын үйрөтүүгө ылайыкталат. Калемсаптын кыймылы да ошого байланыштуу иштетилет.

Мугалим жазууга үйрөтүүдө көнүгүүлөрдүн мааниси зор экендигин эске алып, ар бир тамганы жазууда көнүгүүлөрдү пайдаланса, балдарды жазууга үйрөтүү жеңил болот.

## Пайдаланылган адабияттар:

1. Акунова А., Сартбаев. К., Мураталиева А. Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Б. 2013.

2. Желтовская Л.Я. Формирование каллиграфических навыков у младших школьников. Просвещение 2005.

3. Илюхина В.А. Новые подходы к формированиюграфических навыков. Письмо с секретом. – Начальная школа 1999.

4. Сакиева С.С. Башталгыч класстарында эне тилин окутуунун методикасы. – Ж-А., 2001.

5. Сартбаев К., Рысбеков Б. Башталгыч класстын окуучуларынын орфографиялык сабаттуулукка жана таза жазууга үйрөтүүнүн методикасы. – Ф. 1967.